**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XI сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 11-мартындагы № 11 Тамга айылы

**Тамга айыл аймагындагы жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу, чабандар баккан малдын баасын бекитүү жана аларды көчүрүү жөнүндө**

Тамга айылдарынын 2022-жылга карата жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу, чабандар баккан малдын баасын жана аларды көчүрүү тууралуу Тамга айылында 2022-жылдын 15-мартында болуп өткөн жалпы элдик жыйынындагы сунуштарын эске алуу менен айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XI-сессиясы токтом кылат:

1. Тамга айылдарынын жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу максатында жылкы, субай уйлар, топоз, кой, эчки малдарын 2022-жылдын 20-июнунан баштап Сырт өрөөнүнө көчүрүлсүн. Көчүрүлбөгөн чабандарга 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.

2. Сырт өрөөнүнөн 2022-жылдын 10-сентябрдан эрте көчүп келгендерге 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.

3. Тамга айылындагы чабандар баккан айына бодо малдын баасы 350 (үч жүз элүү) сомдон, кой, эчкилерге 85 (сексен беш) сомдон жайыт акысы, малдарга берилүүчү туздун акчасы малга төлөнө турган акча каражатынын ичинде болуп бекитилсин.

4. Чабандар малдын акысына өз алдынча баа койгондорго 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.

5. Башка айылдан бодо малды, кой эчки малдарын алып келип багууга тыюу салынсын, баш ийбеген чабандарга 100 000 (бир жүз миң) сом айып салынсын.

6. Жайлоодон, сырт өрөөнүнөн мал өлүп калса малдын биркасы, ээни менен малдын ээсине даана көрсөтүлүп берилсин, эгерде тастыкталып берилбесе малдын башы төлөнүп берилсин.

7. Токтомдун аткарылышын аксакалдар соту, айылдык кеңештин депутаттары, жайыт комитетинин жетекчиси Т.Жорупбековго, «Тамга» дыйкан чарба кооператив башчысы Ниязбек уулу Кубанга айылдын жаштар уюмуна милдеттендирилсин.

Төрагасы А.Букаров